ОшМУнун МФТИТ институтунун колдонмо математика, информатика жана графикалык дизайн кафедрасынын

№16 чогулушунун протоколунан

К Ө Ч Ү Р М Ө

*2026.24.02*

*Ош шаары*

*Төрага - Жолдошов Т.М.*

*Катчы – Мамадиярова А.А.*

*Катышкандар: кафедранын мүчөлөрү(тизме тиркелет).*

**К Ү Н Т А Р Т И Б И:**

**4. АР ТҮРДҮҮ МАСЕЛЕ**

4.1. КМИГД кафедрасынын улук окутуучусу А. А. Акматов тарабынан өткөрүлгөн ачык лекциялык сабактын жыйынтыгы жөнүндө.

**УГУЛДУ:**

КМИГД кафедрасынын башчысы, тех.и.к., доцент Т.М. Жолдошов 2026-жылдын 19-февраль күнү 510200 - «Колдонмо математика жана информатика» адистигинин Big Data аналитик профилинин БД-1-24 тайпасына КМИГД кафедрасынын улук окутуучусу А. Акматов тарабынан «Ыктымалдуулуктар теориясы жана математикалык статистика» дисциплинасы боюнча «Корреляция теориясынын элементтери» темасында өткөрүлгөн ачык лекциялык сабак тууралуу маалымдама жасады.

**Ачык сабактын билим берүүчүлүк максаты:**

- Студенттер корреляция жана регрессия түшүнүктөрү менен таанышып, алардын практикалык маанисин үйрүүсү;

**Өнүктүрүүчүлүк максаты:**

- ой жүгүртүүнүн түрлөрү калыптанып, байланыштарды салыштырып талдай алуусу;

**Тарбия берүүчүлүк максаты:**

- маалыматтарды так, туура жана негиздүү талдоо көндүмүн калыптандыруусу болду.

Сабак уюштуруучулук бөлүктөн башталып, студенттер менен мурунку темага кыскача кайрылуу жүргүзүлдү. Теманы жана сабактын максатын студенттер өз алдынча аныкташып, талкуу аркылуу бекемдешти.

**Лекция төмөнкү план боюнча жүргүзүлдү:**

1) Сызыктуу корреляция.

2) Ийри сызыктуу корреляция

Сабакта төмөнкү түшүнүктөргө аныктама берилип, мисалдар аркылуу түшүндүрүлдү:

- Мода
- Медиана
- Арыш
- Корреляция
- Регрессия

Сабакта суроо-жооп, талкуу жана практикалык тапшырмалар колдонулду. Студенттер активдүү катышып, формулаларды өз алдынча колдонуп көрүштү.

Үй тапшырмасы логикалык ой жүгүртүүнү талап кылган суроолор менен берилди.

## СӨЗГӨ ЧЫКТЫ:

*КМИГД кафедрасынын улук окутуучусу Г. Шамшиева сөз сүйлөдү:*

Сабактын методикалык деңгээли жогору экендигин белгиледи. Теория менен практиканын айкалышы натыйжалуу уюштурулганын айтты. Окутуучу материалды жеткиликтүү жана так түшүндүргөндүгүн белгиледи.

*КМИГД кафедрасынын улук окутуучусу А. Акматов сөз сүйлөдү :*

Ачык сабакта коюлган максаттар аткарылгандыгын билдирди. Студенттер корреляциялык анализдин негиздерин өздөштүрүп, формулаларды колдоно алгандыгын белгиледи. Берилген сунуш-пикирлер мындан аркы ишмердүүлүктө эске алынаарын айтты.

## ТОКТОМ КЫЛЫНДЫ:

4.1 Акматов Абдилазиз тарабынан өткөрүлгөн «Корреляция теориясынын элементтери» темасындагы ачык лекциялык сабак жакшы деңгээлде өткөрүлгөн

деп табылсын.

4.2 Сабактын методикалык даярдыгы жана уюштурулушу талапка жооп берет деп эсептелсин.

4.3 Колдонулган окутуунун ыкмалары кафедра ичинде тажрыйба алмашуу максатында сунушталсын.

4.4 Окутуучуга мындан ары дагы окутуунун сапатын жогорулатуу багытында иш алып баруу сунушталсын.

*Төрага:* *Т.М. Жолдошов*

*Катчы:* *А.М. Мамадиярова*